«БЕКИТЕМИН»

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илим, эл аралык коммуникациялар жана инновация боюнча проректору, педагогика илимдеринин доктору, доцент Чалданбаева А.К.

____________________

« 20 » май 2024-ж.

## Илимий изилдөөнүн натыйжаларын жайылтылышы тууралуу

## АКТ

**1. Ишке ашыруунун автору:** Шатманалиевдин Болотбек Аманович

**2. Илимий иштин аталышы:** «Кесиптик орто билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык шарттары»

**3. Аннотация:** Диссертациялык изилдөө ишинде колледждердеги окуу-тарбия процессин башкарууну, билим-тарбия иштерин өнүктүрүүгө өбөлгө болгон педагогикалык шарттар каралып, кесиптик орто окуу жайдагы окуу-тарбия иш планы, колледждеги окуу-тарбия ишин башкаруу боюнча окуу программасы иштелип чыккан. Кесиптик орто окуу жайдагы окуу-тарбия иш планы, колледждеги окуу-тарбия ишин башкаруу боюнча окуу программасы И.Арабаев атындагы КМУнун Гуманитардык-педагогикалык колледжинде бекитилип, иш тажырайбадан өткөрүлдү.

**4. Натыйжаларын ишке ашыруу эффектиси**. Окуу-тарбия иштеринин планы-программасы, окуу курсу жана моделдин натыйжалуулугу эксперименталдык жактан текшерилди. Натыйжада мындай план менен иш жүргүзүү окутуучулардын, студенттердин окуу-тарбия процесстерин башкаруу иштерине аралашуусун активдештирип, орто кесиптик билим берүү бөлүмдөрүндө тышкы жана ички ченемдик документтерди жаңы талаптарга ылайык окуу материалдарды иштеп чыгуусу регулярдуу ишке айланды. Ушул багытта орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн жана колледждин студенттеринин өзүн-өзү башкаруусунун структурасы калыптанып, окуу-тарбия иш процесстерин башкаруу, тарбия, билим берүүнүн сапатын көтөрүү маселеси тиешелүү ресуртардын болушуна, айрыкча азыркы учурда маалыматтык-технологияларды, техниканы колдонуу менен тыгыз байланыштуу экендиги белгилүү болду. Алынган көрсөткүчтөр орто кесиптик окуу жайдагы окуу-

тарбия процессин башкаруунун системасын өнүктүрүү боюнча сунушталган багыттардын натыйжалуулугун көрсөттү.

**5. Ишке ашыруу орду жана убактысы**. Диссертациялык иште сунушталган кесиптик орто билим берүү мекемелеринин башкаруу потенциалын калыптандыруу жана өнүктүрүү боюнча иштелип чыккан окуу курсу, окуу-тарбия иштерин башкаруу боюнча план, модели И.Арабаев атындагы КМУнун Гуманитардык-педагогикалык колледжди ишинде 2020-2023-жылдары пайдаланылды.

**6. Ишке ашыруу формасы**. И.Арабаев атындагы КМУнун Гуманитардык-педагогикалык колледжинде окуу-тарбия иш планы, окуу курсу бекитилди. Диссертациялык иштин айрым концепциялык негиздери, жоболору пайдаланылды. Диссертациялык иштин материалдары орто билим берүү мекемелеринин башкаруу иштерин өнүктүрүүдө мааниси жогору экендиги белгиленип, илимий-практикалык конференцияларда колледжин атынан катышуучулар тарабынан пайдаланууга сунштaлган.

1. И. Арабаев атындагы
КМУнун Гуманитардык-педагогикалык
колледждин директору , п.и.к., доцент ____________ Толоев М.

2. И. Арабаев атындагы
КМУнун Гуманитардык-педагогикалык
колледждин окуу иштери боюнча директордун
орун басары, ф-м.и.к., доцент ____________ Тултуков Б.Т.

3. И. Арабаев атындагы
КМУнун Гуманитардык-педагогикалык
колледжинин окуу усулдук
кеңештин төрайымы ____________ Эркимбаева Н.С.